КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
ӨЗГӨН РАЙОНУ
САЛАМ-АЛИК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
УЗГЕНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ САЛАМ-АЛИКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Салам-Алик айыл аймагынын айылдык кеңешинин сегизинчи чакырылышынын кезектеги 3-сессиясынын
ТОКТОМУ

2026-жылдын 23-июлундагы №27 **Салам-Алик айылы**

Эркин-Тоо айылынын тургуну Эрболот уулу Тилектин жеке менчик турак- жай участкасынын ичинен максаттык багытын өзгөртүп, элдерди азык түлук жана курулуш материалдары менен камсыздоо үчүн 0,02га жер аянтына макулдук берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана өз алдынча башкаруу жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесине ылайык, Эркин-Тоо айылынын А.Касыбаев кочосундогу №37-уйдун тургуну Эрболот уулу Тилектин жеке менчик турак-жай участкасындагы 0,02га жер тилкесинин максаттык багытын өзгөртүп, элдерди азык түлүк жана курулуш материалдары менен камсыздоо үчүн Эркин-Тоо айылынын тургуну Эрболот уулу Тилектин 2026-жылдын 19-июлунда жазган арызын карап жана жалпы депутаттардын макулдугунун негизинде Салам-Алик айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат.**

1.Салам-Алик айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Эркин-Тоо айылынын тургуну Эрболот уулу Тилектин "Кадастр" мамлекеттик мекемеси тарабынан 2003-жылдын 02-октябрында идент. Коду 5-06-091005-0109 менен берилген жеке турак-жай үйүнүн 200м.кв. жер аянтынын багытын өзгөртүп элдерди азык түлук жана курулуш материалдары менен камзыздоо үчүн дүкөн курууга макулдук берилсин.

2.Бул токтомдон келип чыккан иш аракеттердин аткарылышын камсыз кылуу жагы Салам-Алик айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жер, турак жай, комуналдык менчиктери жана жерге жайгаштыруу боюнча боюнча башкы адиси милдетин убактылуу аткаруучу Ж.Нуралиевке тапшырылсын.

3.Токтомду көзөмөлгө алуу жагы Салам-Алик айыл аймагынын айылдык кеңешинин суу, мал чарба, жер, токой, экология, өнөр жай, курулуш, өзгөчө кырдаал, тоо кен, маалымат, транспорт, байланыш жана энергетика тармактары боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

Төрага **Чолпонбай уулу Сагындык**